| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**МАНАС**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ**<br>**ЧУЙ ОБЛУСУ**<br><br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МАНАССКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын “01” июну №15**

**2025-жылдын 03-февралындагы №11токтомунун 3-пунктуна өзгөртүү киргизүү**

Манас айыл аймагынын санитардык-экологиялык абалын жакшыртуу, катуу тиричилик калдыктарын чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча кызматтарды үзгүлтүксүз жана чыгымсыз көрсөтүүнү камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 73-беренесине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Манас айыл аймагында тиричилик калдыктарын (таштандыны) чогултуу жана чыгаруу кызматы үчүн тариф **бир адамга айына 50 (элүү) сом** өлчөмүндө бекитилсин
-пенсионерлер үчүн белгиленген тарифтин **50 пайыз өлчөмүндө жеңилдиги** колдонулсун;
-I, II топтогу майыптар, ошондой эле Афган согушунун катышуучулары таштанды чыгаруу кызмат акысын төлөөдөн **100 пайыз бошотулсун**.
2.Жеңилдиктер жана бошотуулар тиешелүү күбөлүктөрдүн жана ырастоочу документтердин негизинде берилсин.
3.Манас айыл өкмөтүнүн “ Таза айыл үчүн” муниципалдык ишканасына
-ушул токтомду калкка жеткирүү;
-тарифти колдонуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү;
-тиричилик калдыктарын өз убагында чыгарууну камсыз кылуу тапшырылсын.
Буга чейин кабыл алынган ушул маселеге байланыштуу токтомдордун ушул токтомго карама-каршы келген бөлүктөрү күчүн жоготту деп эсептелсин.
4.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүү жооптуу катчы А.М.Исаковага милдеттендирилсин.
5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу Т.А.Кулубековго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.К.Момунова**